Токтакун кызы Г.

# АТКАРУУ ӨНДҮРҮШҮНҮН ЖАЛПЫ ТАРТИБИНЕ ТЕОРИЯЛЫК АНАЛИЗ

Токтакун кызы Г.

# ТЕОРЕТИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ ОБЩЕГО ПОРЯДКА ИСПОЛНИТЕЛЬНОГО ПРОИЗВОДСТВА

Toktakun kyzy G.

# THEORETICAL ANALYSIS OF THE GENERAL ORDER OF EXECUTIVE PROCEEDINGS

УДК: 347.95

Соттук актыны аткаруу соттук коргоого болгон конституциялык укуктун ажырагыс элементи болуп саналат. Ал эми аткаруу өндүрүшү жана аткаруу өндүрүшүнүн жалпы тартибинде кездешүүчү маселелер теориялык жактан гана эмес, укуктук практикада да актуалдуулугу шексиз. Изилдөөнүн максаты – аткаруу өндүрүшүнүн жалпы тартибине мыйзамдын нормаларына жана илимий-укуктук адабияттардын негизинде теориялык талдоо жасоого багытталат. Изилдөө ыкмалары болуп: формалдуу-логикалык, салыштырмалуулук сын-пикир, систематикалык ж.б. ыкмалар колдонулду. Илимий иштин жыйынтыгы: Сот актыларын жана жарандык юрисдикциянын башка органдарынын актыларын аткаруу процесси акыркы натыйжаны гана камсыз кылбастан, ошондой эле мындай актыларды ишке ашыруу мыйзамды эске алуу менен аз убакыт жана материалдык чыгымдар менен ишке ашкандай кылып тартипке келтирүүгө тийиш.

Негизги сөздөр: аткаруу өндүрүшү, соттук коргоо, жарандык юрисдикция, карызкор, өндүрүп алуучу, сот акты, аткаруу баракчасы, мыйзам.

Исполнение судебного акта является неотъемлемым элементом конституционного права на судебную защиту. И вопросы, возникающие в общем порядке исполнительного производства несомненно, актуальны не только теоретически, но и в юридической практике. Цель исследования – провести теоретический анализ общего порядка исполнительного производства на основе норм права и научно-правовой литературы. Методами исследования использованы: формально-логический, относительно-сравнительный, систематический и другие методы. Результаты научной работы: процесс исполнения судебных актов и актов других органов гражданской юрисдикции должен не только обеспечивать конечный результат, но и должен быть организован так, чтобы исполнение таких актов происходило с минимальными временными и материальными затратами с учетом закона.

Ключевые слова: исполнительное производство, судебная защита, гражданская юрисдикция, должник, взыскатель, судебный акт, исполнительный лист, закон.

Execution of a judicial act is an integral element of the constitutional right to judicial protection. And the issues that arise in the general procedure for enforcement proceedings and enforcement proceedings are undoubtedly relevant not only theoretically, but also in legal practice. The purpose of the study is to conduct a theoretical analysis of the general procedure for enforcement proceedings based on the rules of law and scientific and legal literature. The research methods used were: formal-logical, relative-comparative, systematic, etc. methods. Results of scientific work: the process of execution of judicial acts and acts of other bodies of civil jurisdiction should not only ensure the final result, but should also be organized so that the execution of such acts occurs with minimal time and material costs subject to the law.

Key words: enforcement proceedings, judicial protection, civil jurisdiction, debtor, collector, judicial act, writ of execution, law.

Жарандык юрисдикция органдарынын соттук жана башка актыларын аткарууга байланыштуу маселелер теориялык гана эмес, укуктук практикада да өзгөчө мааниге ээ [1]. Процесстин натыйжасы болгон жекече жөнгө салуу актылары катары сот актыларынын өзү ишке ашыруунун процесстик формаларын талап кылат. Сот актыларын жана жарандык юрисдикциянын башка органдарынын актыларын аткаруу процесси акыркы натыйжаны гана камсыз кылбастан, ошондой эле мындай актыларды ишке ашыруу мыйзамды эске алуу менен аз убакыт жана материалдык чыгымдар менен ишке ашкандай кылып тартипке келтирүүгө тийиш.

Белгилүү болгондой, соттук жана башка актылардын аткарылышы мыйзамдын адамдын жүрүм-турумуна таасир этүү реалдуу мүмкүнчүлүгүн жана бүтүндөй укуктук жөнгө салуу механизминин натыйжалуулугун чагылдырат. Демек, аткаруу өндүрүшүнө байланышкан көйгөйлөрдү изилдөө жалпы

теориялык мааниге ээ. Аткаруу өндүрүшүнүн укуктук табияты жана соттун аткаруу өндүрүшүндөгү ролу жөнүндөгү суроолор процессуалдык адабиятта көптөн бери талкууланып келет.

Аткаруу өндүрүшүн козгоо. Жарандык процесстик кодекстин нормаларына ылайык, мажбурлоо менен аткарылууга жаткан документти аткарууга сунуштоого мүмкүн болгон мөөнөттөр каралган. Ага ылайык: аткаруу баракчасын аткарууга төмөндөгүдөй мөөнөттөр берилиши (коюлушу) мүмкүн:

1) Сот актысы же дагы башка органдын актысы мыйзамдуу күчүнө кирген күндөн тартып, аткарыла турган сот актысы кабыл алынган күндөн кийинки күндөн баштап же сот актысын аткарууну кийинкиге калтыруу же бөлүп-бөлүп аткаруу учурунда белгиленген мөөнөт аяктаган күндөн тартып үч жылдын ичинде;

2) Аткаруу баракчасын аткарууга берүү үчүн өтүп кеткен мөөнөттү калыбына келтирүү жөнүндө аныктама чыгарылган күндөн тартып үч айдын ичинде;

3) Аткаруу баракчасы аны аткаруу мүмкүн болбогон учурда, өндүрүп алуучуга кайра кайтарылганда аткаруу баракчасын аткарууга берүү үчүн жаңы мөөнөт ал кайтарылган күндөн баштап эсептелинет [2].

Аткаруу документтерди мажбурлап аткарууга төмөнкүдөй мөөнөттөрдө сунуш кылынышы мүмкүн:

– жалпы юрисдикциядагы соттордун соттук актыларынын негизинде берилген аткаруу документтери, ошондой эле соттук буйруктар – үч жылдын ичинде;
– нотариалдык органдардын аткаруу жазуулары – буйруктары – үч айдын ичинде;
– эл аралык же чет өлкөлүк соттордун жана арбитраждардын соттук актыларынын негизинде соттор берген аткаруу документтери – үч жылдын ичинде;
– төлөмөрдүн эсебинде акча каражаттары жок экендиги жөнүндө банктардын жана башка кредиттик мекемелердин белгиси коюлган инкассалык тапшырмалар – алты айдын ичинде;
– турак – жай бөлмөсүн уруксаты жок ээлеп алган же ураганы калган үйлөрдө жашаган жарандарды административдик тартипте көчүрүү жөнүндө прокурордун токтому – прокурордун токтому күчүндө турган мезгил ичинде;
– мыйзамда каралган учурларда аткаруу документтери болуп саналган башка органдардын актылары, эгерде мыйзамда аларды аткарууга сунуш кылуунун башка мөөнөттөрү каралбаса – үч айдын ичинде ж.б.

Аткарууга сунуш кылуу мөөнөтү өтүп кеткен аткаруу документи, өндүрүп алуучуга кайра кайтарылат, аткаруу өндүрүшү козголбойт. Бул боюнча соттук аткаруучу аткаруу документи келип түшкөн күндөн баштап үч күндүк мөөнөттө токтом чыгарат жана бул жөнүндө өндүрүп алуучуга же анын өкүлүнө билдирет. Аларга өткөрүлгөн мөөнөттү калыбына келтирүү жөнүндөгү арыз менен сотко кайрылууга алардын мыйзамдуу укугу бар экендигин түшүндүрөт. Аткарууга берүүнүн өтүп кеткен мөөнөтүн калыбына келтирүүгө сот тарабынан баш тартылган аткаруу документи соттук аткаруучу тарабынан кабыл алынбайт.

Аткаруу иш-аракеттери жүргүзүлүүчү жайлар. Аткаруу иш-аракеттерин соттук аткаруучу карызкордун жашаган жери боюнча, иштеген жери боюнча же болбосо анын мүлкү турган жер боюнча жүргүзөт. Эгерде карызкор уюм болуп саналса, анда аткаруу анын органы же мүлкү турган жери боюнча жүргүзүлөт. Карызкорду айрым иш-аракеттерди жасоого милдеттендирген аткаруу документтерин аткаруу ушундай иш-аракеттерди аткаруу жери боюнча соттук аткаруучу тарабынан жүргүзүлөт. Эгерде аткаруу документин аткаруу процессинде карызкордун жашаган жери же иштеген орду, карызкор уюмдун дареги же карызкордун мүлкү турган жер өзгөрүлсө же ал өндүрүп алуучунун талаптарын канааттандыруу үчүн жетишсиз экендиги айкын болсо, соттук аткаруучу бул жөнүндө тез арада акт түзөт. Ал түзүлгөн күндөн кийинки күндөн кечиктирбестен аткаруу документин ушул акт менен бирдикте карызкордун жаңы жашап жаткан жери, анын иштеген жери боюнча, карызкор уюмдун жаңы дареги боюнча же карызкордун мүлкү турган жери боюнча соттук аткаруучулар кызматынын бөлүмүнө жөнөтөт. Бул боюнча өндүрүп алуучуга, сотко же аткаруу документин берген башка органга кабарлануууга тийиш [3].

Айрым зарыл учурда соттук аткаруучу өзүнүн функциялары жайылтылбаган аймакта Кыргыз Республикасынын башкы соттук аткаруучусунун же областтын башкы соттук аткаруучусунун уруксаты менен аткаруу иш-аракеттерин аткарса болот. Карызкордун турган жери белгисиз болгон учурда, өндүрүп алуучу карызкордун мүлкү турган жердеги соттон өкүлдү дайындоо жөнүндө өтүнө алат жана ага мыйзамда каралган тартипте аткаруу документин ыктыярдуу аткаруу боюнча сунуш берилет. Соттук аткаруучу карызкорго берген ыктыярдуу аткаруу мөөнөт аяктагандан кийин жана карызкор ыктыярдуу

аткаруудан баш тарткан учурда соттук аткаруучу тез арада мажбурлап аткарууну жүргүзөт. Мажбурлап аткаруу чараларына төмөндөгүлөр кирет:

- карызкордун акча суммаларына, баалуу кагазадарына жана башка мүлкүнө камак салуу жолу менен өндүрүп алууну аларга буруу жана аларды сатуу;
- өндүрүп алууну карызкордун эмгек акысына жана эмгек үчүн башка акысына пенсиясына, стипендиясына буруу;
- өндүрүп алууну карызкордун башка адамдардагы акча суммаларына, баалуу кагазарына жана башка мүлкүнө буруу;
- соттун чечминде көрсөтүлгөн айрым мүлктү карызкордон алып коюу жана өндүрүп алуучуга берүү;
- карызкорду айрым иш - аракеттерди жасоого же аларды жасабай кое турууга милдеттендирүү;
- карызкорго менчик укугуна таандык болгон акча каражаттарын, баалуу кагаздарды же башка мүлктү пайдаланууга ага тыюу салуу же аларды соттук аткаруучу белилеген чектерде гана пайдаланууну көрсөтүү;
- карызкордун мүлкүн мөөр басып жаап салуу жана укукту белгилөөчү документтерди алып коюу;
- акча каражаттарын, баалуу кагаздарды жана башка мүлктү карызкорго берүүгө же ага карата башка милдеттенмелерди аткарууга бөлөк жактарга тыюу салуу;

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык көрүлүүчү, аткаруу документин аткарууну камсыз кылуучу дагы башка чаралар мажбурлап аткаруу чаралары болуп саналат.

Аткаруу документтерди мажбурлап аткарууга төмөнкүдөй мөөнөттөр сунуш кылынышы мүмкүн: жалпы юрисдикциядагы соттордун соттук актыларынын негизинде берилген аткаруу документтери, ошондой эле соттук буйруктар – үч жылдын ичинде жана нотариалдык органдардын аткаруу жазуулары - үч айдын ичинде; эл аралык же чет өлкөлүк соттордун жана арбитраждардын соттук актыларынын негизинде соттор берген аткаруу документтери – үч жылдын ичинде болушу мүмкүн.

Карызкорго таандык мүлктү алып коюу менен байланышкан аткаруу документин мажбурлап аткаруу сот актысынын негизинде гана жүргүзүлөт. Жогоруда аталган мажбурлоо менен аткаруу чараларынын ар түрдүүлүгү соттун чечимдеринин мазмунунун ар түрдүүлүгүнө байланыштуу. Сот аткаруучу чечимди өз убактысында жана так аткаруу боюнча мыйзамда каралган бардык чараларды көрүүгө тийиш. Токтомдорду аткаруу боюнча аракеттерди кийинкиге калтыруу өндүрүүчүнүн арызы же соттун аныктамасынын негизинде жүзөгө шырылат. Аткаруу документи иш жүзүндө аткарылганда аткаруу документи аткарылбастан соттун же болбосо өндүрүп алуучунун талабы боюнча, кайра кайтарылганда, аткаруу өндүрүшү кыскартылганда, аткаруу документин соттук аткаруучулардын кызматтык бир бөлүмүнөн аймагы боюнча аткаруу үчүн башкасына жөнөтүлгөндө аяктайт. Айрым учурларда токтомдорду өз убактысында аткарууга тоскоолдук кылган жагдайлар да кездешет. Ошондуктан, мыйзамда аткаруу өндүрүшүн токтото туруу жана кыскартуу каралган [4].

Сот төмөнкү учурларда аткаруу өндүрүшүн токтото турууга милдетүү: карызкор өлгөн учурда, аны өлдү деп жарыялаганда же дайынсыз жок болду (жоголду) деп таанылганда, карызкор аракетке жөндөмдүүлүгүн жоготкондо же анын аракетке жөндөмдүүлүгү чектелгенде, жоопкер Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн күжүрмөн аракеттерге катышкан бөлүктөрүндө, дагы башка аскерлеринде же аскердик түзүлүштөрүндө болгон учурда, административдык укук бузуулар жөнүндөгү ишти кароого ыйгарым укуктуу органдардын же кызмат адамдарынын аракеттерине сотко даттануу берилген учурда, мыйзамда сот актысын же дагы башка органдын актысын аткарууну токтото туруу укугу берилген сот аныктама чыгарганда ж.б. учурларда мыйзам уруксат берет.

Сот төмөндөгүдөй учурларда аткаруу ишин токтото турушу мүмкүн:

1. Өндүрүп алуучунун өтүнүчү боюнча;
2. Чакыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө, дагы башка аскерлеринде же аскердик түзүлүштөрүндө аскердик кызматта болгон же кандайдыр бир мамлекеттик милдеттерди аткарууга тартылган карызкордун өтүнүчү боюнча;
3. Карызкор узакка созулган кызматтык иш сапарда же Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жерде болгондо;
4. Карызкор стационардык дарылоо мекемесинде болгондо же карызкордо тиешелүү медициналык корутунду болгондо;
5. Карызкор, анын мүлкү издөөдө болгондо же карызкордон тартып алынган бала издөөдө болгондо;

6. Соттук аткаруучу аткаруу документин берген сотко же дагы башка органга ал кабыл алган аткарылууга тийиш болгон соттук актыны түшүндүрүп берүү жөнүндө арыз менен кайрылганда;
7. Соттук аткаруучунун аракетине же аткаруу аракеттерин жасоодон анын баш тарткандыгына, ошондой эле соттук аткаруучуну четтетүүдөн баш тартууга даттануу берилгенде.

Аткаруу өндүрүшү аны токтото турууга себеп болгон жагдайларды четтеткенден кийин сот аткаруучу тарабынан өндүрүп алуучунун арызы боюнча, соттун же өзүнүн демилгеси боюнча кайра башталат. Аткаруу ишин кайра баштоо жөнүндө аныктама чыгарууга тийиш.

Аткаруу өндүрүшунун аякташы. Аткаруу өндүрүшү сот актыларын же дагы башка юрисдикциялык органдардын актыларын мажбурлоо менен аткарууга байланыштуу бардык процесстик аракеттерди жасоонун аякташы менен бүтөт. Аткаруу өндүрүшунун бүтүшүнүн логикалык жыйынтыгы болуп аткаруу документинин иш жүзүндө реалдуу аткарылышы болуп эсептелет. Ошондуктан аткаруу өндүрүшү документтин талабынын иш жүзүндө реалдуу аткарылышы менен аяктайт.

Юрисдикциялык актынын иш жүзүндө реалдуу аткарылышы сот аткаруучунун аткаруу өндүрүшүнүн аякташы жөнүндөгү токтомун түзүү менен бүтөт. Мындай токтомду кабыл алуунун негизин, өндүртүп алуучунун акчалай сумманы алгандыгы жөнүндөгү фактыны, буюмду өндүрүп алуучуга бергендиги, жашоо үчүн үйгө киргизүү, үйдөн чыгарып жиберүү, балдарды ата-энелеринен ажыратып алуу ж.б. жагдайларды – фактыларды бекемдөөчү, далилдөөчү документтер түзөт. Демек, аткаруу документи боюнча аткаруунун аякташы бул жалаң гана конкреттүү документ менен бекемделген жоопкердин негизги милдетинин аткарылышы гана эмес, ошондой эле андан аткаруу ишине байланышкан чыгымдарды да төлөтүп алуу дегендике жатат. Юрисдикциялык аткаруу актылардын аткарылышынын аякташы жөнүндөгү сот аткаруучунун томтомунун көчүрмөсү тараптарга жиберилет. Жогоруда айтылгандай жалпы жобого ылайык аткаруу өндүрүшү документтин талабын иш жүзүндө реалдуу аткаруу менен аякталат. Бирок практикада түрдүү себептер менен дайыма мындай натыйжага жетише берүү мүмкүн эмес. Ошондуктан, мыйзамдарда, аткаруу өндүрүшүнүн аякташынын – бүтүшүнүн башка дагы негиздери каралган. Аларга аткаруу өндүрүшүнүн кыскартылышы жана аткаруу документтерин өндүрүп алуучуга кайра кайтаруу боюнча негиздер кирет.

Жыйынтык. Ошентип, укук коргоо иш-аракети катары аткаруу өндүрүшү биринчи кезекте административдик-укуктук институт катары ишке ашырылуучу аткаруу бийлигинин ар кандай функцияларын ишке ашыруунун бир түрү болуп саналат. Администрациялык укуктун институту катары аткаруу өндүрүшү сот актыларын, ошондой эле аткарылышы мыйзамда каралган башка соттук актыларды мажбурлап аткарууда келип чыккан маселелерди жөнгө салуучу ченемдердин тутумун билдирет.

Илимдин өнүгүүсүнүн азыркы мезгилинде жогорудагы биз келтирген пикирлер менен кээ бир авторлордун пикири төп келбеши мүмкүн. Анткени аткаруу өндүрүшү институту аны кароого мүмкүндүк берген карама-каршы маанилүү мүнөздөмөлөргө ээ. Алсак, кээ бир авторлор эмгектеринде укуктун татаал тармагы катары жарандык аткаруу укугу катары караса, айрым изилдөөчүлөр административдик укуктун институту катары административдик процесстин бир бөлүгү катары карашы мүмкүн [5]. Аткаруу өндүрүшүнүн институту административдик же жарандык укуктун институту экендигине байланыштуу көрсөтүлгөн карама-каршылыктар теориялык түшүнүүнү талап кылган кээ бир көйгөйлөрдүн негизин түзөт

Адабияттар:

1. Интернет ресурс: https://www.hse.ru.
2. Кыргыз Республикасынын жарандык – процесстик кодекси 29.12.1999-ж. №146. 406-берене.
3. Сатыбеков С.С. Кыргыз Республикасынын жарандык процесстик укугу. Бишкек 2012. 52-бет
4. Деготь Б.Е. Административно-правовые аспекты исполнительного процесса: дис.канд.юрид.наук. Москва 2006.
5. Капранов А.В. Теоретико-правовые и сущностные характеристики исполнительного производства в Российской Федерации / Журнал Философия права. Москва 2020. 138 с.